**Бектуров Туйгун Муктарович «Кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу (10-11 кл.)» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик**

**пикир**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы коомдук өнүгүшкө жашоо тиричиликтин бардык сфераларындагы анын ичинде «адам–коом–табият» ортосундагы мамилелердеги кризистерден арылууга каршы күрөшүү өзгөчө мүнөздүү. Мындай шартта инсандын экологиялык аң сезиминин жаңы тибин жаратуу, жаш муундарга экологиялык тарбия берүүнүн мазмунун өркүндөтүү өзгөчө мааниге ээ. Аны жүзөгө ашыруу этнос менен табияттын тарыхый жактан калыптанган оз ара алака катын маданиятын чагылдырган көркөм адабияттын потенциалын эске алуусуз мүмкүн эмес. Ошондуктан азыр илим менен практикада адамдардын дүйнө таанымына жакын жазуучулардын көркөм чыгармаларында тынымсыз көтөрүлүп келген адамдардын жан-дүйнөсүн табиятка жапакеч мамиле кылууга тарбиялоого дараметтүү экологиялык акыл ойлорду кайтарымдуу пайдалануу зарылдыгы өзгөчө актуалдашып олтурат. Изилдоонүн предметин 10-11 класста окутулган кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоо ишинде колдонуунун мазмунун методдорун жана ыкмаларын айкындоо маселелери түзөт. Жумуштагы илимий–педагогикалык адабияттардын анализи Кыргызстандын таалим–тарбия мейкиндигиндеги ушул маселе атайын изилдене электигин көрсөтүп турат.

Диссертациялык изилдөөнү **максаты** - кыргыз адабиятын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана ал максатка ылайык төмөндөгү милдеттерди аткаруу каралган: окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу проблемасынын педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалын, анын методологиялык негиздерин аныктоо; 10-11-класстардагы кыргыз адабияты сабагында окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун технологияларын, формаларын, методдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу; Кыргыз адабиятын окутуу процессинде экологиялык билим берүү жана тарбиялоо боюнча Кыргыз Республикасынын алдыңкы мугалимдеринин тажрыйбаларын үйрөнүү жана жалпылоо; адабият сабыгын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү. Коюлган

милдеттер Кыргызстандын педагогикалык илиминин контекстиндеги чечилген маселелердин айдыңынан алып караганда жаңы.

2. Автордун диссертациялык изилдөөсүндө Кыргыз Республикасынын ЖАКыны кандидаттык окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча жоболоруна шайкеш төмөндөгүдөй **жаңы илимий натыйжалар алынган**:

**1-натыйжа.** Жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн проблемалары, динамикасы, мазмуну жана экологиялык билимге багыттоонун багыттары талдоого алынган.

**2-натыйжа.** Жогорку класстардагы кыргыз адабияты сабагында окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу милдеттеринин ийгиликтүү чечилиши максаттуу тандалып алынган, таанымдык активдүүлүгүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү айкындалган жана ишке ашыруу жолдору конкреттештирилген.

**3-натыйжа.** Кыргыз адабияты предметине жакын болгон дисциплиналар боюнча сабактарда экологиялык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары айкындалган.

**4-натыйжа.** Педагогика жана башка дисциплиналарын окутуу процессинде экологиялык тарбия берүүнү колдонууну өркүндөтүүнүн ыкмалары, каражаттары иштелип чыккан.

**5-натыйжа.** Кыргыз адабияты предмети аркылуу окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу боюнча ишти уюштуруу жана анын жыйынтыктактары педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген.

**3. Диссертацияда аныкталган изилдөөчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.** Изилдөөдө келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган.

Иште төмөнкү жаңы илимий натыйжалар алынган жана алар Кыргызстандагы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн адистигин өнүктүрүү үчүн мааниге ээ:

**1-натыйжа.** Кыргыз адабияты предмети аркылуу окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу проблемасынын педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалы жана методологиялык негиздери аныкталган, аны өркүндөтүүнүн шарттары, жолдору илимий-методикалык жактан негизделген.

**2-натыйжа.** Кыргыз адабияты сабагында окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун технологиялары, уюштуруу формалары, методдору жана каражаттары иштелип чыгып, практикада тастыкталган.

**3-натыйжа.** Окуучуларга экологиялык тарбия берүүгө даярдоодо окуу процессин уюштурууда адабият предметин окутууда экологиялык багыттуулукка басым коюп, атайын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрдү, шарттарды түзүү жолдору көрсөтүлүп, алардын зарылдыгы белгиленген.

**4-натыйжа.** Адабият сабыгын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктаган жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерген.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** *Жаңы.* Анткени, учурга ылайык адабият сабагында экологиялык тарбия жана билим берүүгө даярдоонун зарылдыгы негизделип; автор педагогикалык изилдөөлөрдүн теориядагы жана практикадагы абалына таянган. Алар илимий жактан системалаштырылган жана тиешелүү ырааттуулукта ачылып берилген.

**2-натыйжа.** *Айрым бөлүктөрү жаңы.* Анткени, жогорку класстардагы кыргыз адабияты сабагында окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу милдеттеринин ийгиликтүү чечилиши максаттуу тандалып алынган жана экологиялык багыттагы тарбия, билим берүүгө арналган окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун натыйжалуу ыкмаларын жана каражаттарын окуу-тарбия процессине киргизүүдө изденүүчү тиешелүү практикалык жана теориялык тажрыйбаларга таянган жана диссертацияда бир кыйла тереңдетилген.

**3-натыйжа.** *Жаңы*, себеби, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда жана гуманитардык илимдерде (кыргыз адабияты) окутуу процессинде аларды экологиялык тарбия жана билим берүүгө даярдоонун технологиялары, экологиялык билимди, көндүмдөрдү, тажрыйбаларды калыптандыруу принциптери изилдөөчү тарабынан Кыргызстанда алгачкы жолу иштелип чыгып, системага келтирилген жана алар сынактан өткөрүлүп, практикада колдонууга сунуш кылынган.

**4-натыйжа.** *Жаңы.* Себеби, изилдөө проблемасы теориялык, илимий методикалык жактан туура негизделип, аны практика жүзүнө ашырууда илимий методикалык жалпылоолор жүргүзүлүп жаңы педагогикалык тажрыйбаларга таянылган жана теориялык жоболор педагогикалык экспериментте текшерилип жалпылаштырылып, изилдөөдө тиешелүү ырааттуулукта ачылып берилген.

**5. Изилдөөнүн натыйжалары практикалык жактан баалуу,** анткени изилдөөнүн натыйжасында алынган илимий жаңылыктар Кыргыз Республикасында ЖОЖдогу экологиялык билим берүү боюнча мамлекеттик стандартын түзүүдө; окуучулардын экологиялык маданиятын, түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий

методикалык иштелмелерди иштеп чыгууда багыт боло алат. Мындан сырткары окуучуларга экологиялык тарбия берүүдө адабият курсун окутуу процессинде анын мазмунун ролун кеңейтүүгө, байытууга, практикалык мазмунун тереңдетүүгө, мектептеги окутуу технологиясын өркүндөтүүгө, алардын маданиятын калыптандырууга илимий методикалык жактан белгилүү өлчөмдө салым кошо алат.

**6. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.** Изденүүчү Бектуров Туйгун Муктарович «Кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу (10-11 кл.)» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун көп кырдуу аспекттерин илимий жактан таанууда жана аларды ишке ашырууда өз ордун таба алат. Алынган натыйжалар белгилүү өлчөмдө ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар илимий теориялык жоболорго жана эксперименттик тажрыйба иштеринин натыйжаларына негизделген.

Диссертация белгиленген проблема боюнча жана бир катар жаңы илимий таанымдык натыйжаларды камтыйт. Бул изденүүчүнүн окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоого кошкон олуттуу салымын аныктай алат.

**7. Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:**

**1.** Диссертация негизинен кыргыз адабият сабагы аркылуу экологиялык тарбиялоо ишин жүзөгө ашыруу менен чектелген. Биздин пикирибизде изилдөөнүн системдүүлүк методологиялык принциби бул процессти окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердүүлүгү менен айкалыштыруу зарылдыгын жаратат. Анткени, табиятты коргоонун баалуулугу жөнүндөгү адабият сабагынан алган маалыматтар, ишенимдер турмуш чөйрөсүндө реалдуу иш аракет менен бекемделбесе, кайтарымы болбостугу айкын.

**2.** Диссертациянын 11-бетиндеги “экологиялык маданиятты калыптандыруу процесси” аттуу сүрөттүн мазмуну теманын предметин толук чагылдыра албайт, өтө эле жалпы жана үстүрт түзүлгөн. Мында адабият деген сөз кездешпегени, бул диссертацияга таандык экендигине шек келтирет.

**3.** Айрым стилдик, орфографиялык мүчүлүштөр орун алган.

Арийне аталган кемчиликтер диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Бектуров Туйгун Муктаровичтин кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

Бектуров Туйгун Муктаровичтин «Кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу (10-11 кл.)» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын дисстертациялык изилдөөлөргө коюулуучу талаптарына ылыйык келет.

Ал эми изденүүчү Бектуров Туйгун Муктаровичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**
**Ош гуманитардык педагогикалык**
**институтунун доценти,**
**педагогика илимдеринин кандидаты** **Даминова Инабат**
**И.Даминованын колун тастыктайм**